***DOI:10.26104/NNTIK.2023.14.16.049***

***Нурматова М.Н., Турдубаева Б.М.***

# МУГАЛИМДИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ – БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУНУН НЕГИЗИ КАТАРЫ

***Нурматова М.Н., Турдубаева Б.М.***

# ФОРМИРОВАНИЕ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ УЧИТЕЛЯ – КАК ОСНОВА ПОВЫШЕНИЯ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ

***M. Nurmatova B. Turdubaeva***

# FORMATION OF TEACHER'S PROFESSIONAL COMPETENCES AS A BASIS FOR IMPROVING THE QUALITY OF EDUCATION

*УДК: 37.091.33*

*Заманбап мектептик жалпы билим берүүдө негизги максат – окуучулардын сапаттуу билим менен камсыз болушу үчүн, алардын турмушунда керектелүүчү жана туруктуу өнүгүүгө мүмкүнчүлүк берүү, компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу көңүлдүн борборунда болгондугунда, бул максатка жетүү үчүн мугалимдин кесиптик компетенцияларын өзүнүн коом алдында адис катары шайкеш келгендиги – анын өзүнүн окуткан предметин билүүсүнөн гана эмес, тарбиялануучунун интеграцияланган сапаттарын, мектептик билим берүүнүн стандартынын талаптарын аткаруу зарылдыгында. Макалада компетенция жана компетенттүүлүк түшүнүктөрү, алардын айырмачылыктары келтирилди, натыйжада мугалимдин кесиптик даярдыгына коюлуучу нормативдик талаптар компетенция болсо, анын калыптанган сапаттары – компетенттүүлүк болуп саналаары жалпыланды. А.Хуторской тарабынан аныкталган негизги билим берүү компетенциялары келтирилип, мугалимдин кесиптик компетенциялары мүнөздөлдү.*

***Негизги сөздөр:*** *компетенция, кесиптик компетенция, компетенттүүлүк, норма, инсандык сапат, инсандын интеграцияланган мүнөздөмөсү.*

*Основная цель современного школьного общего образования состоит в обеспечении качественным образованием учащихся, в обеспечении необходимого и устойчивого развития в их жизни, в том, чтобы формирование компетенций было в центре внимания, для достижения этой цели необходимо согласование профессиональных компетенций учителя как специалиста перед обществом – не только в его знании преподаваемого предмета, но и в необходимости выполнения интегрированных качеств воспитанника, требований стандарта школьного образования. В статье приведены понятия компетенции и компетентности, их различия, в результате обобщено, что нормативные требования к профессиональной подготовке учителя являются компетенцией, а его сформированные качества – компетентностью. Приведены основные образовательные компетенции, определенные А. Хуторской и охарактеризованы профессиональные компетенции учителя.*

***Ключевые слова****: компетенция, профессиональная компетентность, компетентность, норма, качества личности, интегральные характеристики личности.*

*In modern school general education, the main goal is to provide students with quality education, to provide opportunities for the necessary and sustainable development in their lives. The article presents the concepts of competence and competence, their differences, and as a result it is summarized that if competence is the normative requirement for professional training of a teacher, then the qualities that form it are competence. The main educational competences identified by A. Khutorskaya are presented, the professional competences of teachers are characterized, the relationship between the tasks of the state educational standard of general school education and the professional competences of teachers is established.*

***Key words:*** *competence, professional competence, competence, norm, personality qualities, integral personality characteristics.*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында Мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын (МЖББМББС) талаптарына ылайык, бүгүнкү күндө мугалимден окуучунун баалуулуктарын калыптандырууга багытталган инсандык сапаттарын, негизги компетенттүүлүктөрүн калыптандырууну, алардын курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ой жүгүртүүлөрүн өстүрүүдө тапшырмалардын татаалдык деңгээлин камсыздоо менен окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына жетүүнү талап кылат.

Биринчи кезекте, компетенция жана компетенттүүлүк терминдеринин маанилерин аныктап алуу үчүн, окумуштуу, методисттердин берген аныктамаларын анализдесек, алгач мамлекеттик билим берүү стандартына токтололу: компетенция – окуучуну билим алууга даярдоого карата мурдатан коюлган, анын белгилүү бир чөйрөдөгү натыйжалуу үзүрлүү иштеши үчүн зарыл болгон социалдык талап (ченем), компетенттүүлүк – белгилүү бир кырдаалда (окуу, жеке, кесиптик) билимдин жана ыктын ар кандай элементтерин өз алдынча колдонгон адамдын интеграцияланган жөндөмү [2, 8].

А. Хуторскойдун айтымында: компетенция – бул белгилүү чөйрөдө эффективдүү жана продуктивдүү ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон билим алуучунун билим алуусуна даярдоого коюлган нормативдик талап. Компетенциядан компетенттүүлүктүн айырмасы – окуучунун тиешелүү компетенцияга ээ болушу, анын ишмердүүлүк предметине болгон мамилеси. Компетенция – бул тышкы берилген норма, ал эми компетенттүүлүк – ошол нормага ээ болууну мүнөздөөчү инсандык сапат [7, 86-б.].

Компетенция – бул билим аракети, инсандын алган билимин жана көндүмүн практикада пайдалануусу, ачык эместик шарттарда чечим кабыл алып жана аларды ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү, компетенттүүлүк – инсандын интеграцияланган мүнөздөмөсү, ал билимди, окуу жана турмуштук тажрыйбасын, шыктуулугун жана баалуулуктарын пайдалануу менен реалдуу турмуш кырдаалдарында пайда болгон маселелерди жана көйгөйлөрдү чече билүү жөндөмдүүлүгүн аныктайт [5, 5-б.].

«Ээ болуу» термини киргизилген. «Ээ болуу» идеясын педагогикалык тажрыйбалар жаратат. Эгер мурда «ээ болуу» билим, жөндөм, көндүмдөргө карата колдонулуп, алардын өнүгүүсүнүн таксономиясында жогорку баскычта болсо, компетенция идеясы ишмердүүлүк деңгээлинен, кесиптик аракеттердин типтеринен, областтарынан бир кадам аттады. Ошол себептен, билим, жөндөм, көндүмдөр компетенциянын курамдык бөлүктөрү болуп саналат, бирок аларды ийгиликтин себептери деп түшүнүү жетишсиз болуп калды. Илимий изилдөөлөр билим, жөндөм, көндүмдөрдөн сырткары ийгиликтерге психологиялык тартиптеги факторлор да катышуусу зарыл экендигин далилдеп келе жатат. Алар: абал (өзүн кандай сезүүсүнөн психологиялык абалга чейин), ишмердүүлүктүн жекече стили, түрткү берүү, эркиндик болуп эсептелишет [1, 6-б.].

Компетенция түшүнүгү мазмундуу (эмне?) билимге эмес, процедуралык (кантип?) билимге таянылат. Компетенцияны ийгиликтүү жыйынтыкка алып келүүчү аракеттердин процедурасы же конкреттүү алгоритм, конкреттүү кесиптик абал деп түшүнсө болот. Мындан компетенцияны европалыктарга мүнөздүү болгон «компетенция – натыйжалуулук» себеп-натыйжалуу өз ара байланыштын калыптанышын түшүнүү келип чыгат [6, 75-б.].

Натыйжада, компетенцияны билим менен кырдаалдын ортосундагы байланышты орнотуу жана кеңири мааниде алганда, көйгөй үчүн шайкеш келген билимди же иш-аракетти табуу, издөө жөндөмдүүлүгү катары кароого болот. Компетенттүүлүк ишмердүүлүк менен, б.а. кесип менен байланышкан, ал кесипкөйлүк менен аныкталат. Мугалимдин кесиптик даярдыгына коюлуучу нормативдик талаптар анын компетенциясы болсо, анын калыптанган сапаттары – компетенттүүлүгү болуп саналат.

А.В. Хуторской изилдөөлөргө таянып, жалпы маданий маанидеги негизги билим берүү компетенцияларын аныктаган [7, 86-87-бб.]:

1. *Баалуулук-мазмундук компетенциялар;*
2. *Маданий компетенциялар;*
3. *Окуу-таануу компетенциялары;*
4. *Маалыматтык компетенциялар;*
5. *Коммуникативдик компетенциялар;*
6. *Социалдык-эмгектик компетенциялар;*
7. *Инсандык өзүн-өзү өркүндөтүү компетенциялары.*

А.В. Хуторской боюнча классификацияланган компетенциялар конкреттүү предметтердин спецификасына, максатына, багытына, күтүлгүүчү натыйжасына карата калыптанат. МЖББМББС мугалимден кандай милдеттерди ишке ашырууну талап кылгандыгын карап көрөлү:

*1) инклюзия жана гендердик теңчилик принциптеринде бардык балдардын билимге бирдей жана адилеттүү жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;*

*2) окутуунун коопсуз жана өнүктүрүү чөйрөсүн түзүү;*

*3) окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн, физикалык, психикалык, социалдык жана руханий-адеп-ахлактык өсүшүн аныктоо жана өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;*

*4) окуучуларды адамзаттын илимий жана практикалык жетишкендиктеринин фундаменталдык негиздерин (фундаменталдык өзөгүн) сапаттуу өздөштүрүүсүн камсыз кылуу;*

*5) негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу;*

*6) бирдиктүү жана заманбап илимий дүйнө таанымдын негиздерин калыптандыруу;*

*7) инсандын өз алдынча билим алуу, өзүн-өзү таануу жана өзүн-өзү өнүктүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн өз алдынча изденүү жана окуу практикалык ишмердүүлүгүн уюштуруу;*

*8) окуучуларды толеранттуу, инклюзивдик жана коопсуз дүйнөнү курууга активдүү катышууга даярдоо;*

*9) окуучулар заманбап экологиялык көйгөйлөрдү, климаттын өзгөрүлүшүн, жоопкерчиликтүү керектөөлөрдү, жаратылышка жана жашыл экономикага аяр мамиле жасоону түшүнүүнү камсыз кылуу;*

*10) санариптик жана медиа-маалыматтык сабаттуулукту өнүктүрүү;*

*11) финансылык жана укуктук маданиятты калыптандыруу;*

*12) тарбиялоону Кыргызстан элинин маданий, руханий-адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк баалуулуктарына ылайык келишин камсыз кылуу;*

*13) окуучуларда билим алуу жана эмгектик мотивацияны, активдүү турмуштук позицияны, өзгөчө кырдаалдарга жана өзгөрүп жаткан дүйнөгө ыңгайлашуу жөндөмүн калыптандыруу;*

*14) окуучуларда көп түрдүүлүк жана теңдик, адам укуктары, басмырлабоо, социалдык катышуу жана айырмачылыктарды сыйлоо баалуулуктарын калыптандыруу [1, 7-б.].*

Демек, аталган милдеттерди ишке ашырууда, А.Хуторской боюнча классификацияланган компетенцияларды норма катары кабыл алуу менен, муга-

лимдин кесиптик компетенциялары социалдык талап, мамлекеттик заказ катары, окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандырууну МЖББМББС талаптары ишке ашырат, ал эми ал интеграцияланган сапаттар мугалимде калыптануу менен кесиптик компетенттүүлүк калыптанат.

Мугалимдин кесиптик компетенцияларын мүнөздөп көрөлү:

1. *Баалуулук-мазмундук компетенциялар* – мугалимден окуучунун баалуу багыттуулуктарын, курчап турган чөйрөнү көрүү жана түшүнүү жөндөмдүүлүгүн, курчап турган чөйрөдө багыт алуусун, өзүнүн ордун жана эмнеге жөндөмдүү экендигин таануусу чечимдерди кабыл алуусун, иш-аракеттерди жүргүзүүсү жана кадамдарды таштоосу үчүн максаттуу жолдорду тандоо жөндөмдүүлүгүн калыптандырууну талап кылат.

2. *Маданий компетенциялар* – мугалимден окуучулардын улуттук жана жалпы адамдык маданият областында ишмердүүлүктү таануусун жана тажрыйбанын болушун; окуучу тараптан дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүн, адамзаттын, ар башка улуттардын жашоо-турмуштун адеп-ахлактык негиздерин, үй-бүлөлүк, социалдык кубулуштардын жана салттардын маданий негиздерин ачып берүүгө багыттайт.

3. *Окуу-таануу компетенциялары* – логикалык, методологиялык, жалпы окуу маданиятынын элементтерин камтыган таануу ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүндө окуучунун жөндөмдүүлүктөрүнүн жыйындысы. Окутуунун натыйжаларына карата максат коюу, пландоо, болжолдогонду ишке ашыруу, кайтарым байланыш, өзүн-өзү баалоосуна багыттоосун талап кылат. Өздөштүрүп жаткан предметтерге карата окуучуларга продуктивдүү ишмердүүлүктүн креативдүү көндүмдөрүн калыптандырат. Ушул компетенциялардын алкагында функционалдык сабаттуулуктун талабы аныкталат: фактыларды божомолдон айырмалоо жөндөмдүүлүгү, ченөө көндүмдөрүн, ыктымалдуулук жана статистикалык жана башка таануу методдорун колдонууга ээ болот.

4. *Маалыматтык компетенциялар* – окуу предметтеринде жана билим берүү областтарында, о.э. курчап турган чөйрөдө маалыматтарга карата ишмердүүлүктүн жолдоруна, заманбап маалымат каражаттарына жана маалыматтык технологияларга ээ болуу, зарыл болгон маалыматты издөө, тандоо жана талдоо көндүмү, аларды сактоо, өзгөртүп түзүү, жиберүү жана коргоо.

5. *Коммуникативдик компетенциялар* – мугалимдин баарлашууну максаттуу уюштура билүүсү, б.а. окуучулар адамдар жана окуучулар менен өз ара иш-аракеттерди жүргүзүү ыкмаларын жана тилди билүү, чака топто, жамаатта иштөө көндүмү, түрдүү социалдык ролдорго ээ болуу. Окуучулардын кат, анкета, арыз жазууну, суроону формулировкалоону жана ага жооп берүүнү, дискуссия жүргүзүүнү ж.б. билиши.

6. *Социалдык-эмгектик компетенциялар* – жаран, шайлоочу, өкүл, сатып алуучу, керектөө, кардар, өндүрүүчү, үй-бүлөнүн мүчөсү ролдорун аткаруу. Экономикалык, укуктук жана кесиптик өзүн-өзү аныктоочу багыттагы суроолордо укуктарды жана милдеттерди ишке ашыруу тажрыйбасы. Эмгек рыногунда кырдаалды талдоо, жеке жана коомго пайда келе тургандай тиешелештикте иш алып баруу, эмгектик жана жарандык из ара мамилелердин этикасына ээ болуу.

7. *Инсандык өзүн-өзү өркүндөтүү компетенциялары*. Физикалык, интеллектуалдык, руханий, өзүн-өзү өнүктүрүү, эмоционалдык өзүн-өзү башкаруу жана өзүн-өзү колдоо жолдорун өздөштүрүүгө багытталган. Окуучунун жеке кызыкчылыктарындагы ишмердүүлүктүн жолдорун өздөштүрүүгө багыт берүү, окуучулардын өзүн-өзү үзгүлтүксүз таанууда, заманбап адамга керек болгон инсандык сапаттарды, психологиялык сабаттуулукту, ой жүгүртүү маданиятын жана жүрүм-турумун өнүктүрүүгө түрткү берүү. Аталган компетенцияларга өздүк гигиенанын эрежелери, жеке өзүнүн ден соолугу жөнүндө кам көрүү, жыныстык сабаттуулук, экологиялык маданият, коопсуз жашоо-тиричиликтин ыкмаларында байкалат.

Мугалимдин 7 кесиптик компетенциялары милдеттер менен байланышы байкалды: 1, 12, 14-милдеттер 1-КК; 2, 3-милдеттер 7-КК; 4, 7-милдеттер 3-КК; 5-милдет 3, 4, 5, 6-КК; 11, 13 –милдеттер 6-КК; 10-милдет 4-КК;

Аталган максат, милдет, талаптарга шайкеш келген кесипкөй мугалимдин ишин жакшыртуу максатында өлкөбүздө жасалып жаткан алгылыктуу иштерге токтолбой коюу мүмкүн эмес, анткени Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен өнөктөштүктө «Окуу керемет!» долбоору башталгыч билим берүүнү чыңдоого багытталган эбегейсиз чоң жүргүзүп жатат.

«Окуу керемет!» долбоору ар бир окуучу табиятынан окутууга потенциалдуу жана жөндөмдүү экендигин белгилейт. Мугалимдер бул потенциалды пайдаланууда катализатор боло алышат [3, 3].

«Окуу керемет!» долбоору инклюзивдик билим берүү, тең укуктуулук жана билим берүүдө жаңы технологияларды колдонуу сыяктуу багыттарды камтыйт [3, 3].

«Окуу керемет» долбоору башталгыч класстардын окуучуларынын окуу жана математикалык көндүмдөрдүн жакшыртууга багытталган эффективдүү стратегияларды иштеп чыгуу менен бирге төмөнкү иш-аракеттерди камтыйт:

1) окуу жана математика боюнча мугалимдерди

окутуу үчүн модулдар иштелип чыкты;

2) башталгыч класстардын мугалимдеринин 75% иштелип чыккан модулдарды өздөштүрүштү;

3) алардын окуу жана математика сабактарына байкоо жүргүзүү аркылуу ментордук колдоо көрсөтүлдү;

4) аралыктан окутууну жүзөгө ашыруу, калыптандыруучу баалоону колдонуу жана сабактарга байкоо жүргүзүү үчүн санариптик технологиялар ишке киргизилди [4, 3-б.].

Долбоордун алкагында билим сапатын жакшыртууга багытталган иш-аракеттер МЖББМББС милдеттерин (1,8,11,13,14) ишке ашыра тургандыгы, мугалимдин компетенцияларынын (1-7) калыптанаары талашсыз.

Жыйынтыгында, азыркы билим берүү системасы мугалимдин мамлекет, коом койгон талаптарды аткаруу менен кесиптик компетенцияларын калыптандырууда, сапаттуу билим берүү үчүн, жогоруда аталган милдеттерди ишке ашыруу үчүн мугалимден төмөнкүлөрдү талап кылат:

1. Мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын максаты, милдеттери менен таанышып чыгуусун;
2. Ал максатка жетүү, милдеттерди ишке ашыруу үчүн өзү (мугалим) эмнени аткара алаарын, эмнени аткара албай тургандыгын сезе билүүсү;
3. Өзүнүн жеке сапаттарына анализ жүргүзүүсү;
4. Өзүн-өзү өнүктүрүүсү;
5. Квалификациясын жогорулатып туруусу;
6. Өзүнүн изденүүчүлүгүн, чеберчилигин жогорулатуу керектигин сезүүсү.

Көрсөтүлгөн кадамдардын ар бирин жоопкерчилик менен сезген жана аткарган мугалим өзүнүн кесиптик компетенцияларын аң-сезимдүү калыптандыруу менен компетенттүү мугалим боло алат деген ишеним коюлат.

**Адабияттар:**


1. Зеер Э.Ф., Заводчиков Д.П. Практика формирования компетенций: методологический аспект. - Березовский, 2011. - 266 с.
2. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. - Б., 2022. - 32б.
3. Математика боюнча 1-5-модулдар. - Б.,. 2021. - 310-б.
4. Математика боюнча 6-10-модулдар. - Б., 2022. - 379-б.
5. Нурматова М.Н. Математика сабагында негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун айрым жолдору. ЖАМУнун жарчысы. №51 (2). 2022. 5-9-б.
6. Нурматова М.Н. «Башталгыч класстардын мугалими» адистигинин студенттерине компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды колдонуунун эффективдүүлүгү. ЖАМУнун жарчысы. № 44 (1). 2020. 75-80-б.
7. Хуторской А.В. Методологические основания применения компетентностного подхода к проектированию образования. / Педагогика высшей школы. Казань, 2018. - С. 85-90.
8. Курамаева Т.А. Структура профессиональной компетенции учителя математики. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 5. С. 135-138.
9. Зикирова Г.А., Турдубаева К.Т., Таштемирова А.А. Формирование методической компетентности учителя математики. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 1. С. 173-177.